83. Церебеллярдык атаксия менен ооруган адам кандай абалда болууга аракет кылат?

Көзүн соо тарабына буруп, ооруган капталында жатканды артык көрөт, анткени ошондой абалда гана башынын айланганы жана нистагм бир аз басаңдай түшөт.

83. Какое положение старается принять больной с церебеллярной атаксией и почему?

Предпочитает лежать на больной стороне с повернутыми в здоровую сторону глазами, так как при этом несколько тормозятся головокружение и нистагм.

83. Which position does a patient trying to take in cerebellar ataxia?

Prefers to lay on affected side with head tilted to a side with closed eyes, because that way dizziness and nystagmus slow down little bit.

84. Каракуш мээнин отогендүү абсцессинде баштын тегерениши лабиринттүү абсцесстен кандайча айырмаланат?

Баштын тегерениши системалуу болбойт.

84. Чем отличается головокружение при отогенных абсцессах мозжечка от лабиринтного?

Оно несистемное.

84. What is difference of dizziness in otogenous abscesses of cerebellum from labyrinthitis?

It is not systemic.

85. Каракуш мээнин нистагмы лабиринттүү абсцесстен кандай айырмаланат?

Каракуш мээнин нистагмын амплитудасы (теңселүү) чоң, ал адатта ротатордуу (аткарган кызматы боюнча органды тегеретүүчү булчуңдар) мүнөздө болуп, абсцесстин өсүшү менен кошо күчөгөн илдет тарапка багытталат.

85. Чем отличается мозжечковый нистагм от лабиринтного?

Мозжечковый нистагм обладает большой амплитудой, имеет обычно ротаторный характер и всегда направлен в больную сторону, постоянный, усиливающийся с развитием абсцесса.

85. What is difference between cerebellar nystagmus from labyrinthine?

Cerebellar nystagmus has bigger amplitude, usually of rotatory type and always directed to affected side, permanent, aggravated by abscess development.

86. Церебеллярдык атаксия менен ооруган кишинин басканы-турганы кандай мүнөздө болот?

Дарт тийген тарабына кыйшайып, теңселип басат.

86. Чем характерна походка больного с церебеллярной атаксией?

Походка обычно шатающаяся с отклонением в больную сторону.

86. What is characteristic walk of a patient in cerebellar ataxia?

Walk is shaking with tilting over affected side.

87. Каракуш абсцесси менен ооруган адамдын фланг (он, же сол жак) тарабынан басышы кандай болот?

Ооруган жагынан баса албайт.

87. Как выполняет фланговую походку больной с абсцессом мозжечка?

Он не может выполнить ее в больную сторону.

87. How does flank gait performed by a patient with cerebellum abscess?

He can't perform it on affected side.

88. Каракуш абсцесси менен ооруган киши тең салмактуулугун Ромбергдин абалында сактай алабы?

Жок, ал каракуш мээнин илдеттенген гемисфера жагына дайыма кыйшая берет.

88. Сохраняет ли равновесие в позе Ромберга больной с абсцессом мозжечка?

Нет, он всегда отклоняется в сторону пораженной гемисферы мозжечка.

88. Can patient with cerebellum abscess keep balance in Romberg's pose?

No, he will always tilt to affected hemisphere of cerebellum's side.

89. Каракуш абсцессинин учурундагы Ромберг абалында тең салмактуулуктун бузулушу лабиринттүү түрдө пайда болгон тең салмактуулуктан кандай айырмаланып турат?

Лабиринт бузулганда оорулуу адам Ромберг абалында начарлаган

жагына кыйшайышы башын бурганына жараша өзгөрүлөт, ал эми каракуш мээ начарлаганда башын бурганына жараша өзгөрүлбөйт.

89. Чем отличается расстройство равновесия в позе Ромберга при абсцессах мозжечка от нарушения равновесия лабиринтного происхождения?

При поражении лабиринта отклонение больного в позе Ромберга в пораженную сторону, изменяется в зависимости от поворота головы, при поражении же мозжечка не изменяется.

89. What is difference of balance loss in Romberg's pose in cerebellum abscess from balance loss of labyrinthine genesis?

In involvement of labyrinth patient in Romberg's pose will be tilting over affected side, depends on head turns, in cerebellar – doesn't change.

90. Каракуш мээнин абсцессинде адиадохокинездин бузулушу (буту-колдун кыймылын башкара албоо) кандайча билинет?

Илдеттенген жагындагы беш манжаны тез жана жай пронация (колду ичине кайруу) жана супинация жасоого мүмкүндүгү болбогону менен билинет.

90. Чем проявляется нарушение адиадохокинеза при абсцессах мозжечка?

Невозможностью быстро и плавно производить пронацию и супинацию кисти на больной стороне.

90. How disturbance of adiadohokinesis identified in cerebellum abscess?

Impossible to make pronation fast and smoothly and supination of wrist on affected side.

91. Каракуш мээнин абсцесси менен ооруган киши бармак-мурун сыноону кандай аткарат?

Илдетке чалдыккан тарабынан мурундун учуна бармагын шак жана так тийгизе албайт, ал эми мурдуна жакындаганы баратканда колу арбаң-тарбаң кыймылдайт.

91. Как выполняет пальце-носовую пробу больной с абсцессом мозжечка?

На пораженной стороне больной не может быстро и точно попасть пальцем в кончик носа, а в момент приближения к нему делает ряд размашистых движений.

91. How does a patient perform finger-nose test in cerebellum abscess?

On affected side patient can't hit the tip of nose with his finger fast and accurate, in a moment when finger is close to nose he makes series of sweeping

movements.

92. Каракуш мээнин абсцесси менен ооруган адам тизе-согончок сыноону кандай аткарат?

Сырколуу адам илдеттенген тарабынын согончогун соо тизесине арандан-зорго тийгизет, согончогу белгиленген багыттан тайып, буту-колу арбаң-тарбаң кыймылдайт.

92. Как выполняет колено-пяточную пробу больной с абсцессом мозжечка?

На пораженной стороне больной с трудом попадает в колено пяткой, которая соскальзывает с намеченного пути и движения конечности очень размашисты.

92. How does a patient perform knee-sole test in cerebellum abscess?

On affected side patient hits sole with his knee with difficulties, knee slips from the way and movement of extremity is really sweepy.

93. Каракуш мээнин абсцесси менен ооруган киши көрсөткүч сыноону кандай аткарат?

Оорулуу адам колун дартталган тарабына жаздым шилтейт.

93. Как выполняет указательную пробу больной с абсцессом мозжечка?

Больной промахивается соответствующей рукой в пораженную сторону.

93. How does a patient perform pointing test in cerebellum abscess?

Patient misses with corresponding hand to affected side.

94. Мээнин оң жаккы чеке бөлүгүнүн риногендүү абсцесси даана өрчүгөн учурда уялаган кандай белгилер пайда болушу мүмкүн?

Чеке атаксиясы (кыймылдын бир калыпта эместиги), эйфория (дарттын катышуусуна карабай көңүлдүн көтөрүңкү болушу, элирүү), баш сөөк-мээ нервдеринин бөлүнүп бузулушу.

94. Какие очаговые симптомы могут появиться в явной стадии риногенного абсцесса правой лобной доли мозга?

Лобная атаксия, эйфория, изолированные поражения черепно-мозговых нервов.

94. Which focal symptoms may appear in obvious stage of homogenous abscess of right frontal lobe of brain?

Frontal ataxia, euphoria, isolated damage of cranial nerves.

95. Мээнин оң бөлүгүнүн риногендик абсцесси учурунда кандай стато-кинетикалык бузулуулар чеке атаксиясы үчүн мүнөздүү болот?

Соо жагына көз карашынын шал болушу, Ромбергдин абалында жана басканда тең салмактуулуктун бузулушу; көрсөтүү сыноосунун учурунда оң, айрыкча сол колунун тышка жаздым шилтелиши; адатта дартка чалдыккан тарабынан колу менен кармай калуусу, каршылык көрсөтүүсү жана көздүн кабыгынын жумулушу.

95. Какие статокинетические нарушения характерны для лобной атаксии при риногенном абсцессе правой доли мозга?

Симптом паралича взора в здоровую сторону, нарушение равновесия в позе Ромберга и при ходьбе, промахивание правой и особенно левой рукой (противоположной очагу) кнаружи при выполнении указательной пробы, феномены хватания, сопротивления и смыкания век, наблюдающиеся обычно на больной стороне.

95. Which statokinetic disturbances are characteristic for homogenous abscess of right lobe of brain?

Symptom of paralysis of eye look in healthy side, balance loss in Romberg's pose and in walk, missing with right and especially with left hand (contralateral to foci) outside in pointing test, phenomenon of grabbing, resistance and closure of eyelids, seen on affected side.

96. Мээнин чеке бөлүгүнүн риногендик абсцесси даана өрчүгөн сыркоолуу адамдын психикасы кандай бузулушу мүмкүн?

Ээлигүүсү, көп сүйлөөктүгү, обу жок тамашалашы, маанисиз укумчул сөздөрдү сүйлөшү.

96. Какие нарушения со стороны психики чаще всего бывают у больных с риногенным абсцессом лобной доли мозга в явной стадии?

Эйфория, болтливость, склонность к неуместным шуткам, остротам.

96. Which disturbances of psyche are commonly seen in patients with homogenous abscess of frontal lobe of brain in obvious stage?

Euphoria, talkativeness, inappropriate jokes, sharpness.

97. Мээнин чеке бөлүгүнүн абсцесси ачык өрчүгөн учурда баш сөөк-мээнин кайсы нервдеринин кызматы бузулушу мүмкүн?

Бет жана жыт сезүү нервдеринин.

97. Функции каких черепно-мозговых нервов могут быть нарушены при абсцессах лобной доли мозга в явной стадии?

Лицевого и обонятельного.

97. Functions of which cranial nerves can be disrupted in

patients with homogenous abscess of frontal lobe of brain in obvious stage?

Facial and olfactory.

98. Мээнин сол чеке бөлүгүнүн риногендүү абсцесси даана өрчүгөн сыркоолуу адамда кандай уялаган өзгөчөлүктөр пайда болушу мүмкүн?

Мотордуу афазия (мээ жабыркаганда адамдын сүйлөөсүнүн бузулушу) жана оң колдуулардын аграфиясы (эдам эс-учу ордунда туруп эле жаза албай калышы).

98. Какие очаговые симптомы могут появиться у больного с риногенным абсцессом левой лобной доли мозга в явной стадии?

Моторная афазия и аграфия (у правшей).

98. Which focal symptoms may appear patients with homogenous abscess of left frontal lobe of brain in obvious stage?

Motor aphasia and agraphia (in right handed people).

99. Мээнин чеке бөлүгүнүн риногендүү абсцессинин учурунда стато-кинетикалык бузулууларды эмне менен түшүндүрүүгө болот?

Мээнин чеке бөлүгүнүн жарым шаарларын каракуш мээ менен байланыштырып турган жолдордун бузулушу менен.

99. Чем объясняются статокинетические нарушения при риногенных абсцессах лобных долей мозга?

Поражением путей, связывающих полушария лобных долей мозга с мозжечком.

99. How statokinetic disturbances in patients with homogenous abscess of frontal lobe of brain in obvious stage are explained?

Damage of ways, connecting spheres of frontal lobes of brain with cerebellum.

100. Баш жана каракуш мээнин абсцессинин терминалдуу (акыркысы) өрчүүсү эмне менен мүнөздөлөт?

Менингоэнцефалит (мээнин сезгенип оорушу) белгилеринин дүркүрөп өсүшү, мээнин шишиги, сүйрү мээдеги өтө маанилүү борборлордун шал болуп кыйналышы менен.

100. Чем характеризуется терминальная стадия абсцессов мозга и мозжечка?

Бурно нарастающими симптомами менингоэнцефалита, отеком мозга, угнетением паралича жизненно важных центров в продолговатом мозгу.

100. How terminal stage of brain and cerebellum abscesses is

explained?

Rapidly growing symptoms of meningoencephalitis, brain oedema, paralysis of vital centers in medulla oblongata.

101. Баш жана каракуш мээнин абсцесси орто эсеп менен канча пайызга өлүмгө дуушар кылат?

30дан жогору пайызга.

101. Каков в среднем процент летальности при абсцессах головного мозга и мозжечка?

Выше 30 %.

101. What is average percentage of fatality in brain and cerebellum abscesses?

More than 30 %.

102. Баш жана каракуш мээнин абсцессин дагы кандай башка окшош илдеттерден ажырымдоого болот?

Менингиттен, энцефалиттен, лабиринтиттен, арахноидиттен (мээнин жана жүлүндүн желе кабыкчаларынын сезгениши), баш жана каракуш мээнин шишиктеринен.

102. С какими другими заболеваниями следует дифференцировать абсцессы мозга и мозжечка?

С менингитом, энцефалитом, лабиринтитом, арахноидитом, опухолями мозга и мозжечка.

102. Which other disease should be differentiated from brain and cerebellum abscesses?

Meningitis, encephalitis, labyrinthitis, arachnoiditis, brain and cerebellum tumors.

103. Баш жана каракуш мээнин абсцесси отогендүү менингиттен кандай негизги белгилери менен айырмаланып турат?

Баш жана каракуш мээнин абсцессинин учурунда адатта дененин ысыгы көтөрүлбөйт; көңүлү чөккөнү, шалдыраганы, брадикардия байкалат, көрүү нервдеринин сезгенбестен эле шишиши; ликвордогу (суюктук) тиешелүү өзгөрүүлөр (белоктук-клеткалык диссоциация – бузулуу ж.б.).

103. Каковы основные отличительные признаки абсцессов мозга и мозжечка от отогенного менингита?

При абсцессах мозга и мозжечка обычно нет высокой температуры, наблюдается депрессия, вялость, брадикардия, застойные соски, соответствующие изменения в ликворе (белково-клеточные диссоциации) и др.

103. Which main differentiating signs we have for brain and cerebellum abscesses from otogenous meningitis?

In brain and cerebellum abscesses usually there is no fever, depression, weakness are seen, bradycardia, papilledema, corresponding changes in CSF (protein- cell dissociations) etc.

104. Баш жана каракуш мээнин абсцесси лабиринтиттерден кандайча айырмаланат?

Сыркоолуу адамдын жалпы оор акыбалы; жүлүн суюктугунун өзгөрүлүшү; көрүү нервдеринин сезгенбестен эле шишиши, баш сөөк-мээ нервдеринин патологиясы; статокинетикалык бузулуулардын өзгөчөлөгү жүлүндүн пирамида формасындай белгилердин болушу; психиканын бузулушунун өзгөчөлүгү менен.

104. Чем в основном отличается абсцесс мозга и мозжечка от лабиринтитов?

Более тяжелым общим состоянием, изменениями спинно-мозговой жидкости, застойными сосками зрительных нервов, особенностями статокинетических нарушений, патологией со стороны черепно-мозговых нервов, наличием пирамидных знаков, особенностями сдвигов в психике.

104. What is main difference of brain and cerebellum abscesses from labyrinthitis?

More severe general condition, changes in CSF, papilledema of optic nerves, special features go statokinetic disturbances, pathology of cranial nerves, presence of pyramidal signs, specific changes in psyche.

105. Баш жана каракуш мээнин абсцессинен арахноидиттер кандай белгилер менен айырмаланып турат?

Арахноидит учурунда адатта дарт жай, узакка созулуп өтөт; көптөгөн ремиссиялар (оорунун сезгениши, температуранын жогорулашы таптакыр сезилбей же убактылуу басылып калган учурлары); кандын жана жүлүн суюктугунун нормада болушу.

105. Каковы основные признаки, отличающие арахноидит от абсцессов мозга и мозжечка?

При арахноидите наблюдается медленное, длительное течение, множественные ремиссии, как правило нормальная картина крови и ликвора.

105. Which main signs help to differentiate arachnoiditis from brain and cerebellum abscesses

In arachnoiditis course is slow and long lasting, multiple remissions, usually normal blood and CSF tests.

106. Баш жана каракуш мээнин абсцессин билиш үчүн диа-

гностиканын кандай жаңы ыкмалары колдонулат?

Вентрикулография (мээнин кобулуна же карынчаларына аба жиберип, аны сүрөткө тартуу), ангиография (рентгендик нур өтпөс суюктукту кан тамырдын ичине куюп, аны сөрөткө тартып алуу, спектро-энцефалография (мээнин электрдик активдүүлүгүн каттоо), ультраүн ж.б.

106. Какие современные методы диагностики применяются для распознования абсцессов мозга и мозжечка?

Вентрикулография, ангиография, ЭЭГ и УЗИ и др.

106. Which modern diagnostic methods are used to identify brain and cerebellum abscesses?

Ventriculography, angiography, EEG and sonogram etc.

107. Баш жана каракуш мээ абсцессин терапиялоодо кандай негизги дарылоочу комплекс колдонулат?

Тезинен дарылоо; сезгенгенге каршы, дегидрадташтыруучу, дезинфекциялоочу, десенсибилиздештирүүчү, организмдин жалпы абалын чындоочу жана денени тынчтандыруучу дарылар берилет; кан куюу; симптомдук дарылоо, витамин жана диет терапиясы; сакайып бараткан мезгилде функционалдуу физиотерапия жүргүзүлөт.

107. Какой основной лечебный комплекс применяется в терапии абсцессов мозга и мозжечка?

Оперативное лечение, противовоспалительная, дегидратирующая, дезинфицирующая, десенсебилизирующая, общеукрепляющая, тонизирующая и седативная терапия, переливание крови, симптоматическое лечение, витамино- и диетотерапия, функциональная физиотерапия в стадии выздоровления.

107. Which main treatment complex is used in therapy of brain and cerebellum abscesses?

Surgical treatment, anti-inflammatory, dehydrating, disinfecting, desensibilization, general strengthening, toning and sedative therapy, blood transfusions, symptomatic treatment, vitamins and diet, functional physiotherapy in reconvalescence stage.

108. Баш жана каракуш мээнин абсцесстерин хирургиялык дарылоонун кандай негизги ыкмалары бар?

Абсцессти каптаган кабыгы менен кошо алып салуу керек, пункция ыкмасы, абсцессти чегип, жууп, дренаж кылуу, жарадагы ириңди же сары сууну атайын жасалган түтүк менен агызып чыгаруу.

108. Какие существуют основные методы в хирургическом лечении абсцессов мозга и мозжечка?

Удаление абсцесса вместе с капсулой, пункционный метод, вскрытие абсцесса разрезом с последующими промываниями и дренированием полости.

108. What are main surgical methods of treatment are used in brain and cerebellum abscesses?

Removal of abscesses with capsule, punctate method, draining abscess with cutting followed by irrigation and draining cavity.

109. Отогендүү сепсис үчүн (денедеги ириң, дартынын микробдору көбөйүп кетип, анын микробу канча өткөндө байкалуучу оору) кандай белгилер мүнөздүү?

Сыркоолуунун оор абалы, эс-учун жоготушу, интермиттештирүүчү же туруктуу мүнөздөгү жогорку температура, калчылдап чыйрыгуу, тер басышы, сасык зат бөлүнүп чыккан ириңдүү орто отит; эмиссарийлердин (баш сөөктүн сырткы жана ички тамырларын кошуп туруучу кан тамырлар) чыга бериши жериндеги упчу сымал бүтүрдүн шишимик тартып оорушу (Гризингердин белгиси); моюн кан тамырларынын байламасын бармак менен басып көргөндө оорушу ж.б.

109. Какие симптомы характерны для отогенного сепсиса?

Тяжелое состояние больного, нарушение сознания, высокая температура интермитирующего или постоянного характера, потрясающие ознобы, проливные поты, наличие гнойного отита со зловонным отделяемым, болезненная ограниченная припухлость сосцевидного отростка на месте выхода эмиссария (симптом Гризингера), боль при пальпации сосудистого пучка на шее и др.

109. Which symptoms are seen in otogenous sepsis?

Severe condition of patient, unconsciousness, fever intermittent or permanent, shaking chills, sweating, presence of suppurative otitis with fetid discharge, painful localized swelling of mastoid process in a place of emissaries opening (Grizenger's symptom), pain while palpating vascular plexus on neck etc.

110. Отогендүү синус-тромбоздо (уюган-кан) көбүнчө кайсы синус бузулат?

Сигма сымал.

110. Какой синус чаще поражается при отогенном синус-тромбозе?

Сигмовидный.

110. Which sinus is affected in otogenous sinus-thrombosis?

Sigmoid.

111. Сигма сымал синустагы тромб (уюган кан) краниалдуу (баш сөөгүнө байланыштуу) багыт боюнча кандай түзүлүштөргө чейин жайылышы мүмкүн?

Үңкүрдүү синуска дейре жана атүгүл, баштын карама-каршы жарымынын синусуна да тарашы мүмкүн.

111. До каких образований может распространяться тромб сигмовидного синуса в краниальном направлении?

До пещеристого синуса и даже заходить в синусы противоположной половины головы.

111. Till which structures thrombosis of sigmoid sinus can develop in cranial direction?

Until cavernous sinus and even enter in sinuses of contralateral side of head.

112. Уюган кан сигма сымал синустан жүрөк тарапка канчалык тереңдеп жайылышы мүмкүн?

Ал күрөө тамырлардан баштап, аты жок тамырларды толтурушу мүмкүн.

112. Как далеко может рапространяться тромб от сигмовидного синуса по направлению к сердцу?

Может заполнять яремную вену вплоть до безымянной.

112. How far can thrombus from sigmoid sinus go in heart direction?

Can fill up jugular vein until innominate vein.

113. Отогендүү синустромбоздордун учурунда уюган кандын үзүлгөн майда бөлүкчөлөрү кандын агымы менен кошо канчалык алыс агып барышы мүмкүн жана анын натыйжасы кандай болот?

Алар кандын алмашуусунун кичине жана чоң айланмасы боюнча агып отуруп, денеңин эң алыскы бөлүктөрүнө чейин жетет да, аерди ириңдетип жиберишет.

113. Как далеко могут с током крови заноситься оторвавшиеся маленькие кусочки тромба при отогенных синус-тромбозах и каковы их последствия?

По малому и большим кругам кровообращения могут заноситься в самые отдаленные участки тела, вызывая в них нагноительные процессы.

113. How far can small parts of thrombus go with blood flow in otogenous thrombosis and what is outcome?

By small and big circulation rounds can reach very far places of body, causing suppuration there.

114. Отогендүү сепсис менен ооруган адамдын канын диагностикалап сепкен учурда (кандай микробдуу флора көбүнесе билинет?

Стрептококк (көп илдет чалдыктыруучу формасы теспе сымалдуу тоголок микробдор-кокктор), стафилококк (ириң илдетин пайда кылуучу, чокмороктоп чогулган тоголок бактериялар) жана пневмококк (өпкөнү ириң жана сезгич илдеттерге дуушар кылуучу микроб).

114. Какая микробная флора чаще всего выявляется при диагностических посевах крови у больных отогенным сепсисом?

Стрептококк, стафилококк и пневмококк.

114. Which microbial flora usually found in diagnostic growths from blood of patients with otogenous sepsis?

Streptococcus, staphylococcus and pneumococcus.

115. Отогендүү синустромбозду адатта кандай окшош дарттардан ажырымдоо керек?

Мээ кабыгынын оорусу (менингит), сасык тумоо (грипп), келте (тиф), өпкөнүн сезгениши (пневмония), пиелит, кулак теринин сезгенип кызарышы жана бөлөк генездеги сепсис менен.

115. С какими заболеваниями обычно приходиться дифференцировать отогенный синус-тромбоз?

С менингитом, гриппом, тифами, пневмоний, пиэлитом, рожистым воспалением уха и сепсисом любого генеза.

115. Which diseases should be otogenous sinus-thrombosis differentiated from?

Meningitis, flu, typhoid, pneumonia, pyelitis, erysipelas of ear and sepsis of any genesis.

116. Отогендүү синус-тромбозду жана менингитти диференциалдуу туура белгилөөдө кандай байкоолор чечүүчү мааниге ээ болот?

Синустромбоз менен ооруганда пиемиянын (кан аркылуу ириндин таркашы) белгилери басымдуулук кылат, ал эми менингитте мээнин илдети басымдуулук кылат, дартты туура белгилөөдө жүлүн суюктугунун жана кандын анализдеринин маалыматы чечүүчү мааниге ээ болот.

116. Какие тесты являются решающими в дифференциальной диагностике отогенных синус-тромбоза и менингита?

При синус-тромбозе превалируют симптомы пиемии, при менингите – церебральные. Решающее значение в диагностике имеют данные анализа

спинномозговой жидкости и посева крови.

116. Which tests are main in differential diagnosis of otogenous sinus thrombosis and meningitis?

In sinus thrombosis symptoms of pyemia are prevalent, in meningitis – cerebral. Main factor for diagnosis is CSF test and blood growth test.

117. Отогендүү синус-тромбоздун келечеги адатта кандай болот?

Сезгенүүгө каршы комплекстүү терапиянын өз маалында хирургиялык дарылоо менен айкалыштырганда дарттын маалыматы оң болот.

117. Каков обычно бывает прогноз при отогенном синус-тромбозе?

При своевременном хирургическом лечении в комбинации с комплексной противовоспалительной терапией прогноз обычно благоприятный.

117. What is usually outcome for otogenous sinus thrombosis?

If on-time surgical treatment in combination with complex anti-inflammatory therapy was done prognosis is usually favorable.

118. Риногендик түрдө пайда болгон кандай мээ синустарынын тромбозу кездешет?

Көндөйлүү жана узунунан кеткен үстүнкү синустардын тромбозу.

118. Каких мозговых синусов встречаются тромбозы риногенного происхождения?

Пещеристого или верхнего продольного.

118. In which cranial sinuses thrombosis of homogenous origin are seen?

Cavernous and superior transversus.

119. Баш сөөктүн ичиндеги риногендүү кабылдоолордо көбүнесе көндөйлүү синус-тромбозу кездешеби же узунунан кеткен үстүнкү синус-тромбозубу?

Көндөйлүү синус-тромбозу.

119. Тромбоз пещеристого синуса или верхнего продольного синусов встречается чаще среди риногенных внутричерепных осложнений?

Тромбоз пещеристого синуса.

119. Thrombosis of cavernous or superior transverse sinuses seen more commonly in homogenous intracranial complications?

Thrombosis of cavernous sinus.

120. Кан тамырлардын коллектору (жыйнала турган жери)

катары көңдөйлүү синус өзүнө кандай көк кан тамырларды кабыл алат?

Үстүңкү жана астыңкы көз тамырларын, мээ көк тамырларын, көздүн сырткы катмарынын чиеленүүсүнүн, калбыр жана таңдай көк тамырларын; алкым чиеленүүсүнүн көк тамырларын ж.б.

120. Какие вены принимают в себя как сосудистый коллектор пещеристый синус?

В верхнюю и нижнюю глазничную, вены мозга, крыловидного сплетения, решетчатые и крылонебные вены, вены глоточного сплетения и др.

120. Which vein drain cavernous sinus as a collector?

Superior and inferior ophthalmic, veins of brain, pterygoideus plexus, ethmoidal and pterygopalatinal, veins of pharyngeal plexus etc.

121. Кандай кан тамырлуу түзүлүштөр көңдөйлүү синустун артын карап тарайт?

Үстүңкү жана астыңкы таштак синустар.

121. Какие сосудистые образования отходят от пещеристого синуса кзади?

Верхний и нижний каменистые синусы.

121.Which vascular structures start from cavernous sinus posteriorly?

Superior and inferior cavernous sinuses.

122. Көңдөйлүү синус кандай анатомиялык маанилүү түзүлүштөр менен чектешет?

Ички уйку кан тамырлары менен; буруп кетүүчү, блок сымал жана көздү кыймылга келтирүүчү нервдер менен; үчүлтүктүү нервдер 1-жана 2-бутактары менен.

122. С какими важными анатомическими образованиями граничит пещеристый синус?

С внутренней сонной артерией, отводящим, блоковидным и глазодвигательным нервами, с первой и второй ветвями тройничного нерва.

122. Which anatomic structures have border with cavernous sinus?

Internal carotid artery, abductans, trochlear and oculomotor nerves, with first and second branch of trigeminal nerve.

123. Кандай дарттын учурунда көңдөйлүү синус тромбофлетити көк кан тамырдын капталына кан уюп сезгениши пайда болот?

Негизги жана гаймор көңдөйлөрдүн калбырлуу лабиринтинин ириңдеп илдеттенишинде көз чарасынын абсцессинде; мурундун былжырлуу кабыкчасынын ириңдеп ооруганында; беттин бөлүгүнөн чыккан чыйкандан.

123. При каких заболеваниях чаще возникает тромбофлебит пещеристого синуса?

При гнойных заболеваниях решетчатого лабиринта, основной и гайморовых пазух, абсцессе глазницы, нагноительных процессах слизистой оболочки носа, фурункулах верхней половины лица.

123. In which diseases thrombophlebitis of cavernous sinus is seen?

Suppurative diseases of ethmoidal labyrinth? Of maxillary and sphenoidal sinuses, abscess of eye socket, suppurative processes of mucosal membrane of nose, furuncles of upper third of face.

124. Эмпиеманын учурунда (дененин коңулуна ириңдин толуп калуусу) мурундун кайсы көңдөйүндө тромбофлебит жана көңдөйлүү синус тромбозу пайда болот?

Негизги көңдөйдө.

124. При эмпиеме какой придаточной пазухи носа наиболее часто возникают тромбофлебит и тромбозы пещеристого синуса?

Основной пазухи.

124. Empyema of which paranasal sinus most commonly cause thrombophlebitis and thrombosis of cavernous sinus?

Sphenoidal.

125. Риногендүү тромбофлебит жана көңдөйлүү синус тромбозунун жалпы окшош белгилери кандай?

Жалпы септикага мүнөздүү белгилер (сыркоолуунун оор абалда болушу, калтыратып чыйрыктырган жана көл-шал тердегендик); өпкөдөгү жана башка ички органдардагы теридеги жана муундардын өзүнө таандык белгилер, метастаздык (микробдордун бир жерден экинчи жерге кан тамырлар аркылуу жайылышы) абсцесстердин болушу; кандагы сепсистик көрүнүштөр (гиперлейкоцитоз - лейкоциттердин санынын өзгөчө көбөйүшү), нейтрофилез (нейтралдуу боёктор сиңүүчү клеткалардын көбөйүшү), лимфопения (кандагы лимфоциттердин сан жагынан азайышы), эозинофилия – кандагы эозинофил клеткаларынын көбөйүшү ж.б.

125. Какими общими симптомами характеризуются риногенный тромбофлебит и тромбоз пещеристого синуса?

Симптомами общесептического характера (крайне тяжелое состояние

больного, интермиттирующая лихорадка с потрясающими ознобами и проливными потами), наличием метастатических абсцессов в легких и других внутренних органах, коже и суставах со свойственной им симптоматикой, септической картиной крови (гиперлейкоцитоз, нейтрофилез, лимфопения, эозинопения) и др.

125. Which common symptoms are seen in homogenous thrombophlebitis and thrombosis of cavernous sinus?

Symptoms of general origin (severe condition of patient, intermitting fever with shaking chills and sweating), presence of metastatic abscesses in lungs and other internal organs, skin and joints with correspondent symptoms, septic changes in blood (leucocytosus, neitrophylia, lymphopenia, eosinopenia) etc.

126. Риногендүү тромбофлебитте жана көңдөйлүү синус тромбозунда ооруган жерден кандай белгилери байкалышы мүмкүн?

Экзофтальм (кээ бир ооруларда көздүн чанагынан чыгып турушу), чечекей кыймылынын чектелиши, чеке терисинин, көз кабыгынын, шишимик тартып, көздүн былжырлуу кабыкчасынын сезгениши, көздүн тар кабыгынан кандын куюлушу, көрүү нерви сезгенбестен эле шишишинин натыйжасында көрүү нервинин невритке айланып кетиши, баш сөөк-мээнин он эки жуп нервинин III, IV, VI жуптарынын зорго кыймылдашы жана шал болуусу.

126. Какие местные симптомы могут наблюдаться при риногенном тромбофлебите и тромбозе пещеристого синуса?

Экзофтальм, ограничение подвижности глазного яблока, отек век, конъюнктивиты, кровоизлияния в сетчатку глаза, застойный сосок зрительного нерва с последующим невритом, парезы и параличи III, IV, VI пар черепно-мозговых нервов.

126. Which local symptoms can be seen in homogenous thrombophlebitis and thrombosis of cavernous sinus?

Exophthalmia, restriction of mobility of eye ball, oedema of eyelids, conjunctivitis, hemorrhage in retina, congestive papilla of optic nerve with following neuritis, palsy and paralysis of III, IV, VI pair of cranial nerves.

127. Риногендүү тромбофлебитте жана көңдөйлүү синустун тромбозунда жалпы септикалуу жана ооруган жерге мүнөздүү белгилер эки тараптуу болушу мүмкүнбү?

Синустун бөлөк бөлүгүнө тромб жайылган кезде болушу мүмкүн.

127. Могут ли симптомы общесептического и местного характера быть двусторонними при риногенном тромбофлебите и тромбозе пещеристого синуса?

Могут при распространении тромба на другую половину синуса.

127. Can general septic and local symptoms be bilateral in homogenous thrombophlebitis and thrombosis of cavernous sinus?

Can be in migration of thrombus into other half of sinus.

128. Риногендүү тромбофлебитте жана көңдөйлүү синустун тромбозунда Гризингердин белгисинин пайда болушу эмнени билдирет?

Кобулдуу көңдөй тромбасынын таштак синустан сигма түрдүү синуска жайылып баратканын билдирет.

128. О чем говорит появление симптома Гризингера при риногенном тромбофлебите и тромбозе пещеристого синуса?

О распространении тромба пещеристой пазухи в каменистые и далее в сигмовидные синусы.

128. What does appearance of Grizenger's symptom in homogenous thrombophlebitis and thrombosis of cavernous sinus tell us?

About progression of thrombus of cavernous sinus into petrous and further on sigmoid sinuses.

129. Тромбофлебит жана көңдөйлүү синустун тромбозу кандай кабылдашы мүмкүн?

Менингитке жана мээ абсцессине өтүп кетиши мүмкүн.

129. Чем может осложнится тромбофлебит и тромбоз пещеристого синуса?

Менингитом и абсцессом мозга.

129. What can be complication of homogenous thrombophlebitis and thrombosis of cavernous sinus?

Meningitis and brain abscess.

130. Фронтит менен ооруган кезде көбүнесе кайсы синустун тромбозу пайда болот?

Узунунан жайгашкан үстүңкү синустун тромбозу анткени анын алдыңкы бөлүгү кан куюп туруучу маңдай көңдөйдүн арткы капталы менен чектешип турат.

130. Тромбоз какого синуса чаще всего возникает при фронтитах и почему?

Верхнего продольного синуса, так как своим передним отделом он граничит с задней стенкой лобной пазухи, вены которой изливают в него кровь.

130. Thrombus of which sinus usually happens in frontitis and

why?

Superior transverse sinus because its anterior part has a border with posterior wall of frontal sinus, veins of last drain blood in it.

131. Узунунан жайгашкан алдыңкы синустун тромбозу кандайча байкалат?

Баштын оорушу, жалпы септикалык мүнөздөр жана ооруган жердин белгилери менен.

131. Чем будет проявляться клинически тромбоз переднего продольного синуса?

Головной болью, общесептическими симптомами и местными признаками.

131. What will be clinical feature of thrombosis of anterior transverse sinus?

Headache, general sepsis symptoms and local signs.

132. Баш сөөгүнүн ичиндеги риногендүү мүнөздөгү кабылдоолорду кандай дарылоо керек?

Хирургиялык дарылоону (мурундун коштонду көңдөйүндөгү ириңдеген негизги уясын алып салуу) сезгенүүгө каршы, дегидратациялоочу (денени суу баскандагы шишүүдөн ажыратуу) дененин жалпы ууланганын кетирүүчү; дененин жалпы чыңдоочу жана башка терапия менен чогуу чечкиндүү түрдө дарылоо зарыл.

132. Какое лечение проводят при всех внутричерепных осложнениях риногенного характера?

Хирургического (по устранению основного гнойного очага в придаточных пазухах носа), в сочетании с энергичной комплексной противовоспалительной, дегидратирующей, дезинфицирующей, общеукрепляющей и др. терапией).

132. What type of treatment is used in all types of intracranial complications of homogenous origin?

Surgical (removal of main suppurative foci in paranasal sinuses) in combination with active anti-inflammatory, dehydrative, general strengthening and etc. therapies).

133. Баш сөөгүнүн ичиндеги отогендүү жана риногендүү кабылдоолорду хирургиялык дарылоонун негизги принциптеринин мааниси эмнеде?

Кулакка жана мурундун кошо өскөн коңулуна тиешелүү операция жүр-

гүзүү, баш сөөк көңдөйүнө трепанация (операциялык жол менен сөөктүн коңулуна жетүү) жасоо жана андагы инфекциянын экинчи уюгун санациялоо (дарылоочу заттар менен көңдөйдүн ичин жуу) болуп саналат.

133. В чем заключается основной принцип хирургического лечения внутричерепных отогенных и риногенных осложнений?

В производстве соответствующих операций на ухе и придаточных пазухах носа, трепанации полости черепа и санации в ней вторичных очагов инфекции.

133. What is main principle of surgical treatment of intracranial complications of homogenous and otogenous origin?

Performing surgeries on ear and paranasal sinuses, trepanation of brain cavity and sanitation of secondary foci of infection in it.

134. Баш сөөктүн ичиндеги өтө жана риногендүү мүнөздөгү кабылдоолорго профилактика жүргүзүүдө эмне башкы нерсе болуп саналат?

Ириңдүү курч орто отиттер менен синуиттерди туура дарылоо, мындай илдеттери өтүшүп кеткен сыркоолууларды сөзсүз түрдө диспансердештирүү, санитардык жана профилактикалык иштерди кеңири колдонуу.

134. Что является главным в профилактике внутричерепных осложнений ото- и риногенного генеза?

Рациональное лечение острых гнойных средних отитов и синуситов, обязательная диспансеризация больных с хроническими формами этих заболеваний, широкое проведение санитарно-профилактической работы.

134. What is main in prophylaxis of intracranial complications of homogenous and otogenous origin?

Rational treatment of acute suppurative otitis media and sinusitis, mandatory observation of patients with chronic forms of them, wide sanitary-prophylaxis work.

Мурундун канашы
Носовые кровотечения
Nasal bleeding

1. Бөлөк кан агууга салыштырганда көп канашы боюнча мурун эмне үчүн биринчи орунду ээлейт?

Себеби мурун бет сөөгүнүн эң өйдөңкү жагында жайгашкандыктан, урунуп беринген кезде ал көбүнесе майып болот, экинчиден, мурунга кан көп келет жана анын кан тамырлары мурундун былжырлуу кабыкчасынын үстү жагында жайгашкан.

1. Почему носовые кровотечения занимают первое место по частоте среди других кровотечений?

Потому что нос занимает самое выступающее место на лицевом скелете и во время травм часто подвергается повреждениям; во-вторых, нос обильно кровоснабжается, и сосуды его близко расположены к поверхности слизистой оболочки носа

1. Why epistaxis takes first place above all other types of bleeding?

Because nose is outstanding part of facial skeleton and in traumas it gets damaged often, secondly nose has good blood vascularization and vessels are located close to a surface of mucosal membrane of nose.

2. Кандай себептер мурундун канашына түртkү берет?

Гипертония (артериялык басымдын жогору болушу), геморрагиялык диатез, боордун, бөйрөктүн, көк боордун илдеттениши, чамадан артык кыйналуу, денеңин өтө ысып чыгышы, кандын жана кан жаратуучу органдардын илдетке чалдыгышы.

2. Каковы основные причины носовых кровотечений общего порядка?

Гипертония, геморрагические диатезы, инфекционные болезни, болезни печени, почек, селезенки, физическое перенапряжение, перегревание организма, болезни крови и кроветворных органов.

2. What are main reasons for epistaxis of general origin?

Hypertonia, hemorrhagic diathesis, infectious diseases, diseases of liver, kidneys, spleen, physical hyperactivity, hyperthermia of body, diseases of blood and blood producing organs.

3. Мурундун канашынын көп кездешкен себептери кайсы?

Жаракаттануу, жат нерселер, залалдуу жана залалсыз шишиктер, кургак учук, котон жара, атрофия (ткандардын же органдардын көлөмүнүн кичирейиши).

3. Какие наиболее частые причины носовых кровотечении местного порядка?

Травмы, инородные тела, злокачественные и доброкачественные опухоли, туберкулез, сифилис, атрофические процессы.

3. What are most common reasons for epistaxis of local origin?

Trauma, foreign bodies, benign and malignant tumors, tuberculosis, syphilis, atrophic processes.

4. Таноонун арткы бөлүгүнөн аккан мурун канын адегенде кайсы окшош кан агуулардан ажырымдоо керек?

Тамак, өпкө жана ашказандын каноолорунан.

4. С какими кровотечениями прежде всего следует дифференцировать носовые кровотечения из задних отделов полости носа?

С глоточными, легочными и желудочными.

4. Which bleedings should be epistaxis from posterior parts of nose be differentiated from?

With pharyngeal, lungs and gastric bleedings.

5. Мурундун орточо каноосу кандай илдеттин учурунда дарылык касиетке ээ болушу мүмкүн?

Гипертониялык (артериялык басымдын жогору болушу) оорунун учурунда.

5. При каком заболевании умеренное носовое кровотечение может являться лечебным фактором?

При гипертонической болезни.

5. In which disease mild epistaxis can be as a treatment factor?

In hypertonia.

6. Мурундун канашы айрым учурларда гипертониялык инсультту (кан тамыры жарылып кетиши, организмдин ичине кан куюлуу) болтурбай коюшу мүмкүнбү?

Мүмкүн.

6. Может ли носовое кровотечение в ряде случаев предотвратить гипертонический инсульт?

Может.

6. Can epistaxis in some cases prevent hypertonic stroke?

Yes, it can.

7. Кандай учурларда мурун билинбей канашы мүмкүн?

Мурду канаган оорукчанды узунунан жаткырып же анын башына чалкалаткан кезде.

7. В каких случаях могут быть так называемые скрытые носовые кровотечения?

В тех случаях, если больному с носовым кровотечением придают горизонтальное положение или запрокидывают голову.

7. In which cases latent epistaxis can be seen?

In cases when patients with epistaxis takes horizontal position or tilts head backwards.

8. Ички мурундун кайсы бөлүмдөрү көбүнесе канайт жана эмне үчүн?

Мурун тосмосунун алдыңкы бөлүмдөрү, анткени аерде Киссельбахтын кан тамыр чиеленүүсү жайгашкан жана мурун тосмосунун былжырлуу кабыкчасында былжыр астындагы катмар болбойт.

8. Из каких отделов внутреннего носа чаще всего бывают кровотечения и почему?

Из передних отделов носовой перегородки, так как там расположено сосудистое Киссельбахово сплетение и отсутствует подслизистый слой в слизистой оболочке носовой перегородки.

8. Which parts of inner nose give epistaxis more common and why?

Anterior parts of nasal septum, because vascular plexus of Kisselbach is located there and submucosal layer is absent in mucosal membrane od nasal septum.

9. Киссельбах чиеленүүсү каерде жайгашкан?

Мурун тосмосунун бош четинен 1–1,5 см четтеген алдыңкы-астыңкы бөлүмүндө жайгашкан.

9. Где находится Киссельбахово сплетение?

В передне-нижнем отделе носовой перегородки, отступив на 1–1,5 см от его свободного края.

9. Where Kisselbach's plexus is located?

Anterior inferior part of nasal septum, 1–1,5 cm away from free end.

10. Канча пайыз учурларда Киссельбах чиеленүүсүнөн мурун каны агат?

90–95 %.

10. В каком проценте случаев носовые кровотечения бывают из Киссельбахова сплетения?

В 90–95 %.

10. What is percentage of epistaxis from Kisselbach's plexus

90–95 %.

11. Мурундун викардык каноосу кандай учурларда болот?

Аменорея (этек кири келе турган учурда келбей, токтолуп калышы) жана башка овариалдуу – менструальдык цикл (этек кирдин келүү калыбы) бузулган кездерде.

11. Когда бывают викарные носовые кровотечения?

При аменореях и других нарушениях овариально-менструального цикла.

11. When vicary epistaxis occur?

In amenorrhea and other disruptions of ovarial-menstrual cycle.

12. Мурду канаган адамды кандай абалда кармоо керек?

Тикесинен отургузуу же жантайтып жаткыруу.

12. Какое положение нужно придать больному при носовом кровотечении?

Вертикальное, сидячее или полусидячее.

12. Which position should patient take in nosebleed?

Vertical, sitting or half sitting.

13. Мурду канаган адамдын башын кескин түрдө артын карай чалкалатуу керекпи?

Жок, антүүгө болбойт, себеби анда баш жана моюн тамырларындагы кандын агышы көбөйөт.

13. Нужно ли при носовом кровотечении резко запрокидывать голову назад или наклонять вперед?

Нет, так как это увеличивает застойные явления в сосудах головы и шеи и усиливает кровотечение.

13. Should you bend head backwards or tilt it front in epistaxis?

No, because it increases accumulation in neck and head vessels and worsens bleeding.

14. Мурун канаганда муздак нерсени каерге басыш керек?

Кежиге тарапка же мурунга.

14. Куда нужно класть холод при носовых кровотечениях?

На область лба или носа.

14. Where should cold be applied in epistaxis?

Forehead or nose region.

15. Дары-дармек жана таңуучу материалдар колдо болбой калган учурларда Киссельбах чиеленишинен аккан мурун канын кантип токтотсо болот?

Таноолорду мурун тосмосуна кыпчуу керек.

15. Как можно остановить носовое кровотечение из Киссельбахова сплетения при отсутствии медикаментов и перевязочного материала?

Прижатием крыльев носа к носовой перегородке.

15. How can nosebleed from Kisselbach's plexus be stopped if medications are absent?

Pushing ala of nose to nasal septum.

16. Мурундун канын токтотуш үчүн таноого ичине тыгуучу тоголок кебездерди эмне менен майлаган туура болот?

Водород кычкылы, бир жарым хлордуу темир, эфедрин, адреналин, кээде дикаинди же кокаинди кошуу керек.

16. Чем целесообразно смачивать ватные шарики перед введением в нос при остановке кровотечений?

Перекисью водорода, полуторахлористым железом, эфедрином, адреналином, иногда в комбинации с дикаином или кокаином.

16. What should be cotton balls be wetted in before putting them in nose in epistaxis?

Hydrogen peroxide, ferrum 1,5 chlorine, ephedrine, adrenalin, sometimes in combination with dicaine and cocaine.

17. Мурун тосмосунун былжырлуу кабыкчасынын канаган жерин кандай дары заттар менен күйгүзүүгө болот?

Кристаллдуу же азот кычкыл күмүштүн 20–50% эритмеси, кислоталар (3 хлордуу уксус, хром) Гордеев суюктугу ж.б. менен.

17. Какими лекарственными препаратами можно прижигать кровоточащие участки на слизистой оболочке носовой перегородки?

Кристаллическим или 20–50 % растворами азотнокислого серебра, кислотами (трихлоруксусной, хромовой), жидкостью Гордеева и т.д.

17. Which medication can cauterize bleeding areas on mucosal membrane of nasal septum?

Crystallic or 20–50 % solution of solutions of argentum nitrate, acids (trichloroacetic, chromic), Gordeev's liquid.

18. Мурундун каноосун алдын ала токтотуу жана аны болтурбай коюу үчүн электр тогун колдонуунун кандай ыкмасы бар?

Гальванокаустика (дарылоо катарында гальванакаутер – электр тогу менен тканды күйгүзүү) жана диатермокоагуляция (электрдин жогорку жыйынтыктагы тогу менен тканды күйгүзүү).

18. Какой метод с использованием электрического тока позволяет остановить и заодно предотвратить в будущем носовые кровотечения?

Гальванокаустика и диатермокоагуляция.

18. Which method with electric current can stop and also prevent epistaxis in future?

Galvanokaustics and diathermocoagulation.

19. Мурундун ооз жагы демейде кандай материалдар жана кандай дары заттар менен тыгындалат?

Май, йодоформ, водород кычкылы, аминокапрондык кислота, Васильеванын пастасы, гемостатикалык губка, агууну токтотуучу дарылар, септикага каршы тоголок кебездер же даки.

19. Каким материалом и с какими лекарственными препаратами обычно проводится передняя тампонада носа?

Тонкими марлевыми турундами, пропитанными маслами, йодоформом, перекисью водорода, Е-аминокапроновой кислотой, пастой Васильева, гемостатической губкой, антисептическим гемостатическим тампоном.

19. Which material and which drugs are used for anterior tamponade of nose?

Thin gauze turunds, soaked in oils, iodophorm, hydrogen peroxide, Vasilyev's paste, hemostatic sponge, antiseptic hemostatic tampon.

20. Мурундун түп жагын тыгындоодо кеңилжээрге киргизилүүчү даки курчактын канча лигатурасы (байлап коюучу жип) болуш керек?

Үч.

20. Сколько лигатур должна иметь марлевая «кукла», вводимая в носоглотку при задней тампонаде носа?

Три.

20. How many ligatures gauze "doll" should have which is put in nasopharynx in posterior nasal tamponade?

Three.

21. Даки «куурчак» эмненин жардамы менен кеңилжээрге киргизилет?

Жумшак катеттердин (суюктук чыгарууга ылайыкталган түтүк) көмөгү менен.

21. С помощью чего марлевая кукла заводится в носоглотку?

С помощью мягкого катетера.

21. With a help of what gauze doll gets imposed in nose?

With a help of soft catheter.

22. Мурундун түп жагын тыгындаганда кандай ырбоолор көбүрөөк кездешет?

Курч орто отит.

22. Какое наиболее частое осложнение наблюдается при задней тампонаде носа?

Острый средний отит.

22. What is most common complication of posterior nasal tamponade?

Acute otitis media.

23. Мурундун жана кеңилжээрдеги тыгындарды канча убакытка калтырылат?

1–2 күнгө.

23. На какой срок обычно оставляют тампоны в носу и носоглотке?

На 1–2 суток.

23. What time usually tampons are left in nose?

1–2 days.

24. Мурун канын токтотуу максатында кандай жалпы чаралар көрсөтүлөт?

Көк кан тамырга 10% хлордуу кальцийдин эритмеси, 40% глюкозанын эритмеси, тамакка салынуучу туздун гипертониялык эритмеси, С витамининин, Е - аминокапрондуу кислота теринин алдында кызылчага, столбнякка каршы жана башка сывороткалар, булчуңга викасол куюлат, канды бөлүштүрүп куюу, сыворотканы, кургак плазманы, алгинокривиндин ж.б. кан алмаштыруучу суюктуктарды куюу.

24. Какие мероприятия общего порядка обычно проводят в целях остановки носовых кровотечений?

Внутривенно вводится 10% раствор хлористого кальция, 40% раствор глюкозы, гипертонический раствор поваренной соли, витамин С, аминокапроновая кислота; подкожно вводится противокоревая, противостолбнячная и другие сыворотки, внутримышечно викасол, производятся дробные переливания крови, сыворотки, сухой плазмы, аминокровина и других кровозамещающих жидкостей.

24. Which procedures are usually done to stop nosebleed?

Intravenous injection of 10% calcium chloride, glucose solution, hypertonic solution from salt, vitamin C, aminocapronic acid, subcutaneous injection of antimeasles, antitetanus and other vaccines, intramuscular vikasol, partial blood transfusions, serums, dry plasma, aminoblood and other blood replacing liquids.

25. Мурун канын токтотуу үчүн хирургиялык кандай негизги жолдор бар?

Мурун тосмосунун былжырлуу кабыкчасын ажыратуу, канаган шишиктерди алып салуу, сырткы уйку кызыл кан тамырларын таңуу.

25. Какие существуют основные хирургические методы остановки носовых кровотечений?

Отслойка слизистой оболочки носовой перегородки, удаление кровоточащих опухолей, перевязка наружных сонных артерий.

25. What are main surgical types of treatment of nosebleed?

Separation of mucosal membrane of nasal septum, removal of bleeding tumors, ligation of external carotid arteries.

26. Мурундун канашы өлүмгө алып келиши мүмкүнбү?

Мүмкүн, бирок сейрек кездешет.

26. Может ли носовое кровотечение привести к смертельному исходу?

Может, но редко.

26. Can nosebleed lead to death?

Can, but really rare.

Мурундун жана коштонду көңдөйлөрдүн (коңул, кобул) шишик оорулары
Опухоли носа и придаточных пазух
Nose and paranasal sinuses tumors

1. Мурундун шишик оорулары жана коштонду (кошо өскөн) коңулдардын шишик оорулары кандай эки топко бөлүнөт?

Залалсыз жана залалдуу шишиктерге.

1. На какие две группы делят опухоли носа и придаточных пазух?

На доброкачественные и злокачественные.

